**Мак суроолор (жугушсуз оорулар)**

1. Бөйрөктүн сезгенишинин (нефрит) симптомдорун сүрөттөп аны айыктыруу жолдорун жана профилактикасын айтып бериңиз.
2. Жугушсуз ыландарды айыктыруудагы новокаин менен сезгичтикти жоготуунун ыкмаларын көрсөтүп, алардын дарылоодогу маанисин түшүндүрүңүз.
3. Антигельминттик, инсектициддик жана акарациддик заттар менен иштөөнүн жолдорун жана анын маанисин айтып бериңиз.
4. Малдын тоюттан ууланыуу (Кормовые отравления) жолдорун баяндап, симптомдорун сүрөттөп жана айыктыруу жолдорун айтып бериңиз.
5. Антибиотиктер жана даары заттар жөнүндө айтып, аны колдонуу ыкмаларын көрсөтүп бериңиз.
6. Системалуу түрдө клиникалык изилдөөнүн жалпы схемасын көрсөтүп бериңиз.
7. Уйдун кызыл өңгөчүндөгү тыгынды (закупорка пищевода) сүрөттөп, аны айыктыруу жолдорун айтып бериңиз.
8. Жылкынын туягын тазалоо жана такалоо ыкмаларын айтып, анын маанисин түшүндүрүп бериңиз.
9. Дары заттарынын антагонизми жана синергизми жөнүндө баяндаңыз жана алардын тасир этүү өзгөчөлүктөрүнө мисал келтириңиз.
10. Жаш төлдүн диспепсиясын сүрөттөңүз жана аны айыктыруу жолдорун, прафилактикасын айтып бериңиз.
11. Лапаротомия (курсак бетинин анатомо-топографиялык өзгөчөлүгү, лапаротомияга көрсөтүү) жөнүндө айтып, ал кандай учурларда сунушталаарын белгилеп бериңиз.
12. Лимфатикалык изилдөөнү баяндап, түйүндөрдүн жайгашкан ордуларын көрсөтүп бериңиз.
13. Ичегилердин сезгенүүсү (энтерит) жөнүндө баяндап жана аны айыктыруу жолдорун айтып бериңиз.
14. Чөбүнүн кармалуусунун этиологиясын, патогенезин, диагностикасын, дарылоосун жана профилактикасын баяндап бериңиз.
15. Витаминдик, гормондук, ферменттик, бактериалдык, белоктук, ткандык жана башка препараттар жөнүндө маалымат бериңиз.
16. Айыл-чарба жаныбарларынын бычуудан кийинки ырбап кетүүсүн сүрөттөп, анын алдын алуу жана айыктыруу жолдорун айтып бериңиз.
17. Козунун энзоотикалык атаксиясынын этиологиясын, патоморфологиясын диагностикасын, дарылоо жолдорун жана профилактикасын айтып бериңиз.
18. Дары заттарын окуп үйрөнүүдө И.П.Павловдун фармакологиялык окуусунун маанисин жана фармакологиянын өнүгүү тарыхын айтып бериңиз.
19. Жаш малдын безоардык орууларынын этиологиясын, клиникасын, диагностикасын жана алдын алуу иш чараларын айтып бериңиз.
20. Тууттан кийинки пареждин этиологиясын, диагностикасын, дарылоосун жана профилактикасын баяндап бериңиз.
21. Доза тууралуу түшүндүрүңүз жана анын маанисин айтып бериңиз.
22. Канаттуулардын каннибализминин этиологиясын, клиникасын, профилактикалык иш чараларын баяндап бериңиз.
23. Ургаачы айыл чарба жаныбарларынын тукумсуздугу жана кысыр калуусу жөнүндө айтып бериңиз.

24. Эт жана сүт өндүрүүдө, бодо малды тоюттандыруунун жана кармоонун ветеринардык санитардык эрежелерин айтып ага түшүндүрмө бериңиз.
25. Кумуляция жөнүндө түшүндүрүңүз жана анын түрлөрүн айтып бериңиз.
26. Жаныбарлардын дем алуу органдарын изилдөө ыкмаларын атап, алардын ишке ашыруу ыкмаларын айтып бериңиз.
27. Мээнин кабыгынын сезгенишинин (менингит) симптомдорун сүрөттөп, анын айыктыруу жана профилактикалоо жолдорун айтып бериңиз.
28. Фосфорорганикалык кошулмалар менен уулануунун патоморфологиясын, диагностикасын жана профилактикасын айтып бериңиз.
29. Сибир жарасына күмөндүү малдын этине ветеринардык-санитардык экспертиза жүргүзүү (козгогучу, сойгонго чейинки, союлгандан кийинки диагностика жана санитардык баалоо жүргүзүүнү айтып бериңиз.
30. Жугушсуз оруудан өлгөн жана атайын союлган айыл чарба жаш малынын экономикалык чыгымын эсептеп бериңиз.
31. Перикардиттин травматикалык жана травматикалык эмес мүнөздөрүн жана сырткы белгилерин айтып, аны даарылоо жана профилактикалоо жолдорун көрсөтүп бериңиз.
32. Антимикробдук жана мителерге каршы заттар боюнча маалымат бериңиз.
33. Ургаачы жаныбарлардын туут жана тууттан кийинки мезгилинин патологияларын атап ага мүнөздөмө бериңиз.
34. Кызыл өңгөчтүн сезгенүүсүнүн (эзофагит) симптомдорун жана аны айыктыруу жолдорун, профилактикасын айтып бериңиз.
35. Атайын өлтүрүлгөн жаныбарлардын этине ветеринардык санитардык баалоо жүргүзүңүз.
36. Кошумча клиникалык изилдөөнүн ыкмаларын атап, анын кандай учурларда пайдалануу керектигин көрсөтүңүз.
37. Риниттер, трахеиттер жана бронхиттердин этиологиясын, диагностикасын жана дарылоо жолдорун айтып бериңиз.
38. Дары заттарын берүү жолдорун айтып бериңиз жана алардын өзгөчөлүктөрү кандай.
39. Малдын тулкусунун жана ички органдарын ветеринардык-санитардык экспертизадан өткөрүү ыкмаларын көрсөтүңүз.
40. Малды диспансеризациялоону баяндап айтып бериңиз.
41. Козунун богок (зоб) ылаңынын этиологиясын, клиника-морфологиялык белгилерин диагностикасын, дарылоо ыкмаларын жана профилактикасын айтып бериңиз.
42. Мал союлгандан кийинки тулку этиндеги биологиялык өзгөрүүлөрүн, оруулуу жана соо малдын айырмасын көрсөтүңүз.
43. Дарылык заттардын физикалык жана химиялык касиеттерин айтып бериңиз.
44. Жаныбарлардын денесинин табын текшерүү жолдорун жана анын диагноз коюдагы маанисин баяндаңыз.
45. Жаныбарлардын зат алмашуу процессинин бузулушун, симптомдорун, аны айыктыруу жолдорун жана профилактикасын көрсөтүңүз.
46. Өпкө эмфиземасы оруусун баяндап, аны диагностикалоо, даарылоо жана профилактикалоо жолдорун көрсөтүңүз.
47. Ташуу эрежелерин жана транспорттук документтерин көрсөтүп түшүндүрүп бериңиз.

48. Кепшөөчү жаныбарлардын тооркайынын травмалык сезгенишин жана аны айыктыруу жолдорун айтып бериңиз.
49. Рецепт жөнүндө айтып, анын схемасын түзүп бериңиз жана анын кандай түрлөрү бар.
50. Айыл чарба малдарынын кетоз ылаңынын клиникасын, дарылоо жолдорун жана профилактикасын айтып бериңиз.
51. Жаныбарлардын бөлүп чыгаруу системасынын ооруларын диагноздоо ыкмаларын көрсөтүңүз.
52. Ветеринардык-санитардык экспертиза жүргүзүүнүн максаты жана социалдык, экономикалык маанисин түшүндүрүңүз.
53. Музоонун бронхопневмониясынын этиологиясын, диагностикасын, дарылоо жолдорун жана профилактикасын айтып бериңиз.
54. Жаныбарлардын нерв системасынын ооруларын диагноздоо ыкмаларын көрсөтүп бериңиз.
55. Жаныбарлардын перитонит оруусун диагноздоону, дарылоо ыкмаларын жана алардын профилактикасын айтып бериңиз.
56. Клиникалык негизги изилдөө ыкмаларын айтып, анын арбир түрүнө мисалдарды келтириңиз.
57. Малдын этинин аш болумдуулук маниси, анын морфологиялык, химиялык курамы жана жетилиши деген эмне, аны кантип түшүндүрөсүз.
58. Малдардын жана канаттуулардын тоюттарын ветеринардык-санитардык экспертизадан өткөрүү кантип ишке ашырылат.
59. Жүрөктүн ички кабыкчасынын (эндокардит) сезгениши кандай жолдор менен өтөт жана оорунун клиникалык белгилерин, профилактикасын көрсөтүңүз.
60. Жугушсуз орууларында жаныбарлардын организминин туруктуулугун жана иммунологиялык жооп берүүсүн түшүндүрүп бериңиз.
61. Жаш малдын алиментардык анемиясынын этиологиясын, диагностикасын, дарылоо жолдорун жана профилактикасын айтып бериңиз.
62. Уйдун жыныс коңулунун жана жатындын аңтарылып түшүшүн түшүндүрүп бериңиз.
63. Жаныбарлардын кан тамыр жана лимфа тамырларынын хирургиялык орууларын диагноздоо жана даарылоо ыкмаларын көрсөтүп бериңиз.
64. Малдын ички ылаңдарын витаминдерди колдонуу менен алдын алууну айтып жана витаминдердин түрлөрүн көрсөтүп бериңиз.
65. Сандын булчуң арасындагы коңулдардагы ириңдүү шишикти (абсцесс) жаруунун хирургиялык ыкмаларын жана андан кийинки иш чараларды айтып бериңиз.
66. Союлуучу малга жалпы талаптарды жана эттин жетилүүсү жөнүндө айтып бериңиз.
67. Органолептикалык изилдөө деген эмне, анын ыкмалары (канын толук чыгаруу, гипостаз ж.б.) жөнүндө айтыңыз.
68. Субклиникалык маститтер жана сүт өндүрүүдөгү алардын кесепеттерин атап бериңиз.
69. Чоң карындын тимпаниясынын этиологиясын, диагностикасын, дарылоо жолдорун жана профилактикасын көрсөтүңүз.
70. Күн нурунан жабыркоонун этиологиясын, диагностикасын, дарылоо жолдорун жана профилактикасын көрсөтүңүз.
71. Сперманы алуу, баалоо, суюлтуу, сактоо жана ташуу ыкмаларын айтып бериңиз.

72. Жаныбарлардын дем алуу системасынын ооруларын диагноздоо ыкмаларын көрсөтүп бериңиз.
73. Руменотомиянын хирургиялык кийлигишүүсүн жана кандай учурларды сунушталаарын айтып бериңиз.
74. Жыныстык цикл жана анын стадиялары. Ургаачы жаныбарлардын күүгө келүүсүн аныктоо жолдорун сүрөттөп бериңиз.
75. Жылкынын жаталак (колик) оорууларынын этиопатогенезин, диагностикасын жана алдын алуу чараларын баяндаңыз.
76. Кан тамырдын артериосклерозунун жана тромбозунун этиологиясын, патогенезин жана профилактикасын айтып бериңиз.
77. Жаныбарларды союунун технологиясын кантип ишке ашырасыз.
78. Айыл чарба ургаачы жаныбарларынын бооздугунун патологиясын кантип аныктайсыз.
79. Жүрөктүн сырткы кабыгынын сезгенишинин (перикардит) себептерин, клиникасын, дарылоонун жолдорун жана профилактикасын атаңыз.
80. Уйдун жатынынын патологияларынын диагностикасын, дарылоосун жана профилактикасын түшүндүрүңүз.
81. Жаныбарлардын тоют сиңирүү органдарын клиникалык изилдөөдөгү ыкмаларын көрсөтүңүз.
82. Козу-улактардын ич өткөк ылаңынын (диспепсия) себептерин, клиникасын, дарылоо жолдорун жан профилактикасын көрсөтүңүз.
83. Энелик жыныс бездеринин функционалдык бузулууларын сүрөттөңүз.
84. Асептиканын жана антисептиканын ветеринардык хирургиядагы маанисин айтып бериңиз.
85. Хирургиялык операциянын этаптарын айтып ал этаптарда аткарылуучу жумуштарды түшүндүрүңүз.
86. Малдарды жасалма уруктандыруунун маанисин жана жол жобосун айтып бериңиз.
87. Жаныбарлардын былжыр челдерине клиникалык изилдөө жүргүзүү ыкмаларын көрсөтүп бериңиз.
88. Жаныбарды хирургиялык операцияга даярдоо кантип ишке ашырыларын айтып бериңиз.
89. Гипокальциемия оруусунун белгилерин, диагностикасын, даарылоосун жана профилактикасын айтып бериңиз.
90. Жаш малдардын гастроэнтеритинин диагностикасын, дарылоосун жана профилактикасын айтып бериңиз.